Бакчиев Т.А.
*И.Раззаков ат. КМТУ*

**“МАНАС” ЭПОСУН ИЗИЛДӨӨДӨГҮ ЖАҢЫ ЫКМАЛАР ЖАНА ИЗДЕНҮҮЛӨР**

Дүйнөлүк руханий маданияттын жана кыргыз элинин тарыхый, социалдык-саясий, руханий өнүгүшүндө “Манас” эпосунун орду эбегейсиз зор. “Манассыз” кыргыз элинин кечээгисин айтпаганда да, бүгүнкүсү менен эртеңкисин элестетүү кыйын. Ал эми азыркы тапта болсо, кыргыз элинин бардык турмуш кырдаалдарынан жана Кыргызстан коомунун бардык деңгээлдеринен, жагдайларынан “Манас” эпосун кездештирүүгө болот. Айрыкча, “Манас” эпосу саясат, экономика, илим, билим берүү, маданият тармактарынан, а түгүл, Кыргызстандын катардагы жаранынын турмушунан өзгөчө орун алган. Бул жагынан алып караганда, “Манас” кыргыз элинин өткөн-кеткени, азыркы жашоосу менен тыгыз байланышта экендигин түшүнүүгө болот.

Азыркы күнгө чейин “Манас” эпосу руханий баалуулук катары өзүнүн татыктуу ордун Кыргызстанда да, дүйнөлүк аренада да ала элек. Анткени “Манас” эпосу маданий жана оозеки адабий мурас катары гана түшүндүрүлүп, анын чыныгы чексиз руханий баалуулугу али да болсо тийиштүү деңгээлде таанылa элек. Башкасын айтпаганда да, азыркыга чейин феномен катары “Манас” эпосунун философиялык, психологиялык, анын ичинде трансценденттик жана трансценден-талдык мааниси ачып бериле элек. “Манас” эпосун мындан да терең түшүнүүдө герменевтиканын да мааниси өтө зор. Мына ушундан улам, бүгүнкү күнгө чейин илим “Манас” эпосунун негизги идеясын да, идеологиясын да толук түшүндүрө элек.

Учурунда “Манас” эпосун таанууда жана изилдөөдө объективдүү да, субъективдүү да кыйынчылыктар коштоп турган. Кийинки бир нече кылымдар бою кыргыз эли өз алдынча азат мамлекет түзүүгө кудурети жетпей, Чыңгызкан, Жаныбек, Темирлан башында турган жана Жуңгар, Цин, Кокон, Орусия, СССР сыяктуу күчтүү өлкөлөрдүн таасиринде калып, көз каранды болуп келген. Аталган өлкөлөрдүн көбү азыр жок, бирок “Манас” эпосу жана аны жараткан манасчылар азыркы күнгө чейин кыргыз элинде жашап келе жатат. Ал эми ошол өлкөлөр кыргыз элин баш көтөртпөй, массалык түрдө улуттук аң-сезимин тумчуктуруп, өз саясатын тоскоолдуксуз жүргүзүү үчүн “Манас” эпосун кеңири таанууга жана терең түшүнүүгө жол берген эмес. Анткени “Манас” эпосунун негизги идеясы – кыргыз урууларынын ынтымакка келип, бир эл катары бүтүндүктө болуп, эркиндикке жетиши жана азаттыкка ээ болушу эсептелинет. Бул маселелер өткөн заманда эле эмес, азыркы күндө да кыргыз эли үчүн өтө маанилүү экендигин турмуш өзү далилдеп жатат. Мына ушул өңүттөн алып караганда, “Манас” канчалык байыркы болгон күндө да, ошончолук заманбап.

“Манаска” кыргыз эли башына мүшкүл түшүп, руханий, саясий эркиндигине доо кете турган мезгилдерде кайрылып турган. Тагыраак айтканда, “Манас” сырттан келген диний, маданий, саясий таасирлерге жана ачык да, жабык да түрдө келген агрессияларга туруштук берип, аларга каршы колдонула турган, элдин элдүүлүгүн коргоп, сактап кала турган өзгөчө кызматын аткарган феномен болуп келген.

Бул боюнча ар кандай ой-пикирлер эл ичинде оозеки айтылып келгени менен, илим тарабынан терең иликтөөгө алына элек. Өзгөчө, кыргыз элине сырттан келген диний жана саясий таасирлерге, басымга дуушарланган, “Манас” эпосунун аткарган ролу жана орду тууралуу этнография, фольклористика, тарых, маданият таануу илимдеринде аздыр-көптүр айтылып да, жазылып да жүргөнү менен, саясат таануу, саясаттын социологиясы ж.б. илимдер тарабынан дээрлик изилдөөгө алынган эмес. Ал эми кыргыз элинин тарыхын карап көргөндө, “Манас” эпосунун салттуу формасы ар кайсы доордо тигил же бул саясий режимдин, диндин таасири астында, айрым мезгилдерде катуу басым астында болуп келгендиги белгилүү. Ошол эле учурда, кайсы бир деңгээлде “Манас” эпосунун да тигил же бул саясий бийликке өз таасирин тийгизип келгендигине да тарых күбө. Демек, “Манас” эпосу жана аны айтып келген манасчылардын саясат менен болгон өз ара мамилеси ар дайым болуп келген. Ал өз ара мамиле, талаш-тартышка, саясий репрессияларга, кан төгүлгөн кармашууларга чейин жеткен. Адамгерчиликтин чегинен

чыккан мындай кандуу кармашуулардын негизги себеби катары тараптардын, улуттук аң-сезимдин, мамлекеттик, диний идеологиянын келишпестиги менен түшүндүрүүгө болот. Анткени кыргыз элинин улуттук идеологиясынын өзөгүндө "Манас" эпосу орун алып келсе, Темирлан менен Кокон кандыгынын саясий идеологиясынын өзөгүндө ислам, Жуңгар кандыгы менен Цин империясынын идеологиясында буддизм, Орусия империясынын кыргыз элине карата идеологиясында империялык, орусташтыруу, СССРдин саясатында орусташтыруу же орусцентризм жана коммунизм идеологиясы өкүм сүрүп келген. Албетте, мындай идеологиялык карама-каршылыктар ар кандай деңгээлдеги жана ар кандай мүнөздөгү кармашууларга чейин барып турган. Ал эми анын жыйынтыгы эмнеге алып келген? Эмне себептен кыргыз эли "Манас" эпосуна жана Манастын өзүнө зор ишеним артып келген? "Манас" эпосунун кыргыз элиндеги ээлеген орду такталдыбы? Келечекте Кыргызстандын өнүгүүсүндө "Манас" эпосунун ролу канчалык? Ушул жана ушул сыяктуу бир катар суроолорго жооп табуу, "Манас" эпосунун диний, мамлекеттик, улуттук, коомдук, дүйнөлүк саясат менен болгон өз ара мамилесин системалуу түрдө иликтөөгө алуу бул бирден-бир негизги маанилүү маселелерден болуп эсептелинет.

"Манас" эпосунун кыргыз элинин турмушунда, саясий аң-сезиминде ээлеген тарыхый, саясий жана руханий ордун, ошондой эле ар кандай бийлик жана диний курамдардын саясатын аныктоо, системалуу иликтөөгө алуу болуп эсептелинет. Аталган максатка жетүүдө төмөнкү маселелерди кароо милдеттери келип чыгат:

1) "Манас" эпосун жана анын саясат менен болгон өз ара мамиле маселелерин изилдөөдөгү саясат таануу илиминин теориялык жана методологиялык принциптери;
2) "Манас" эпосу менен диний идеологиянын өз ара мамилелери;
3) Кыргыздардын Орусия империясынын катарына киргенден кийинки "Манас" эпосунун абалы;
4) 20-30-жылдардагы Совет бийлигинин "Манас" эпосуна кылган саясий мамилелери;
5) 40-50-жылдардагы социалисттик идеологиянын "Манас" эпосунун тагдырын чечиши;
6) "Манас" эпосунун негизги идеялары азаттыктагы Кыргызстандын улуттук идеологиясы катары каралышы;
7) "Манас" эпосу кыргыз элинин улуттук жан азыгы катары каралышы.

"Манас" эпосунун тагдыры "Манас" эпосун жаратып, сактап, анан элине даңазалап айтып келген манасчылардын тагдырына, тарыхый абалына, коомдо ээлеген саясий-социалдык ордуна жана ар кайсы мезгилдерде "Манас" эпосу боюнча жүргүзгөн диний, мамлекеттик, улуттук, регионалдык саясатка байланыштуу болгон. Өзгөчө, Жаныбектин, Темирландын, Кокон кандыгынын мезгилиндеги мамлекеттик деңгээлдеги саясий аң-сезимдин "Манас" эпосуна, манасчыларга карата кылынган саясий, диний куугунтуктоо, басмырлоо саясаты "Манас" эпосуна жана анын өнүгүшүнө, жайылышына терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Муну Токтогул ырчы менен Балык жомокчунун турмуш мисалдарынан жана алардын жеке саясий аң-сезиминен улам даана байкоого болот.

Ал эми кыргыздардын Орусия империясынын протектораттыгына өткөндөн кийинки мезгилде Ч.Валиханов, В.Радлов, Б.Смирнов, Д.Алмаши, Г.Франель сыяктуу орус жана башка чет элдик окумуштууларынын, орус бийлик төбөлдөрүнүн "Манас" эпосун дүйнөгө таанытып, жайылтууда жагымдуу аракеттерди көрүү менен эле бирге, жалпы көчмөн кыргыз элинин салттуу көчмөн жашоо турмушуна, дүйнө таанымына, маданиятына, а демек, "Манаска" да доо кетирген. Айрыкча, 1916-жылдагы улуттук көтөрүлүш кыргыз элинин, анын ичинде, манасчылардын да жашоо-турмушун азап-тозокко салган. Ошол кезеңдеги социалдык абалды ошол мезгилдин күбөсү болгон Чоюке Өмүр уулунун, Сагынбай Орозбак уулунун, Саякбай Каралаевдин ж.б. сөз өнөрүн туу туткан залкар манасчылардын чыгармачылы-гынан байкоого болот.

Совет бийлигинин орношу менен, 20-30-жылдары "Манас" эпосунун варианттарын

кагазга түшүрүү боюнча мамлекеттик саясатты турмушка ашырууда К.Тыныстанов, И.Арабаев, Ы.Абдыракманов, К.Мифтаков, Ы.Тойчиев, Т.Жолдошов, К.Карасаев, Ж.Ырысов сыяктуу кыргыз элинин алгачкы агартуучулары жана мектеп мугалимдери талбай эмгектенген. Бирок ошол эле мезгилде большевиктик идеологиянын жана айрым бийлик башчыларынын саясий көз караштарынын негизинде, “Манас” эпосунун салттуу сюжетине да, манасчыларга да терс таасирин тийгизип, “Манас” эпосун “пантүркисттик”, “панисламисттик”, “феодалдык” эпос катары карап, аны изилдеген Б.Солтоноев, К.Тыныстанов, И.Арабаев, Е.Поливанов ж.б. окумуштуу-агартуучуларды, маданий, мамлекеттик ишмерлерди “эл душманы” деп саясий куугунтуктоого алып, акыры жок кылуу өкүмүн чыгарган.

30-жылдардын экинчи жарымында, 40-50-жылдары социализмге негизделген жеке жана топтук саясий аң-сезим массалык саясий аң-сезимге өсүп чыгып, “Манас” эпосунун варианттарын чогултуу, орус тилине которуу жана аларды китеп кылып жарыкка чыгаруу, искусствонун башка жанрларында (драма, опера, кино) чагылдырылып элге тартуулоо аракеттерин көрүү менен бирге, социалисттик идеология “Манас” эпосунун салттуу сюжетин бурмалоого бет алып, акырында, “элге каршы”, “клерикалдык”, “буржуазиячыл” эпос дегенге чейин алып барган. Мына ушундан улам, бул мезгил кыйдамында да саясий репрессиялар улантыла берген. Улуу Ата Мекендик согуш (1941-1945-жж.) жылдары жана андан кийин да И.Сталиндин орус шовинизмин күчөтүү саясаты, 1946-жылы чыккан А.Ждановдун саясий доклады “Манас” эпосунун толук вариантын китеп кылып чыгарууга, орус тилине которууга жана көркөм кино тасмасын тартууга тоскоолдук жасаган. 1952-жылы “Манас” эпосунун “элдүүлүгүн” аныктоо боюнча Фрунзеде өткөн II Бүткүл союздук илимий-практикалык конференциянын жыйынтыктары эпосту легалдаштырып бергени менен, саясий идеологияга толук көз каранды кылып салган. Анын белгилери 70-80-жылдарга чейин уланып, Сагынбай Орозбак уулунун китеп болуп жарык көргөн вариантынан (1978-1982-жж.) социалисттик идеологияга каршы элементтерди издөө аракеттери А.Токомбаев тарабынан жүргүзүлгөн.

Ал эми Кыргызстан азаттыкка ээ болгон күндөн тартып, 90-жылдардын экинчи жарымына чейин “Манас” эпосу жана манасчылар өлкө жетекчилигинин назарында болуп келди. Кыргыз элинин өткөн тарыхына өзгөчө көңүл буруу аракетинде жана экономикалык кризиске дуушар болгон кыргызстандыктарга улуттук дем (дух) берүү үчүн өлкө жетекчилиги “Манас” эпосунун 1000-жылдык салтанатын эл аралык деңгээлде белгилеп, анын өзөктүү идеяларын улуттук идеология катары алып чыккан. Тилекке каршы, бул демилге калк ичине толук кандуу сиңе албай, ара жолдо кала берген.

Кыргызстандын бийлиги тарабынан бир топ жылга чейин эске алынбай келген “Манас” эпосу (1998-2009-жж.) 2009-жылдын октябрь айында өзүнүн бар экендигин жана кыргыз эли үчүн өтө маанилүү экендигин кайрадан бүткүл Кыргызстанга билдирген. 2009-жылдын экинчи жарымында Кытай Эл Республикасы тарабынан “Манас” эпосу ЮНЕСКОнун “Адамзаттын материал-дык эмес маданий мурасынын репрезентативдүү тизмесине” кириши менен кыргызстандыктардын бул феноменге өзгөчө көңүл буруусун шарттаган. Тагыраак айтканда, илимий чөйрөдө эле эмес, жалпы коомчулук тарабынан “Манас” мурда “эпос” катары эле каралып келген болсо, кийинки жылдары “Манас” – улуттун “руханий өзөгү”, “энергомаалыматтык касиети”, “коду”, “эс тутуму”, “трансценденттик кубулушу” катары кабыл алынып, ал эми Манастын өзүн көркөм чыгарманын көркөм образы эле эмес, “реалдуу тарыхый инсан” деп айтылган пикирлер болду.

Кыргызстан коомчулугунун өлкө жетекчилигине койгон катуу талабынын натыйжасында, 2011-жылы “Манас” эпосу жөнүндө” Мыйзам кабыл алынып, 2012-жылы беш жылдык Улуттук программа ишке кирип (2012-2017-жж.), Республикалык, эл аралык алкакта бир катар илимий конференциялар өтүп жатат. 2010-жылдан тартып “Манас” эпосунун үчилтигин ЮНЕСКОнун “Адамзаттын материалдык эмес маданий мурасынын

репрезентативдүү тизмесине” Кыргыз Республикасынын атынан киргизүү боюнча мамлекеттик деңгээлде иш-аракеттер көрүлүп, 2013-жылдын 31-мартында сунушталып, ал эми 2013-жылдын 4-декабрында ЮНЕСКО тарабынан кабыл алынган.

Ал эми жалпы элдин “Манаска” болгон тартылуусу жана аны өзгөчө ыйык кубулуш катары тутушу анын кыргыздардын руханий жан азыгы экендигин ырастап турат. “Жан азык” деген сөз айкашын өзүнчө түшүнүк катары карап жатып, биз кайсы бир эл тарабынан жаралып, кылымдар бою калыптанып келген адамзаттык өлбөс-өчпөс баалуу руханий маалыматты өзүнө камтып алып жүргөн окууну түшүнөбүз (ал көбүнчө оозеки текст түрүндө болушу мүмкүн). Эл ага ар дайым кайрылып, руханий маалымат, дем-кубат алып, кайраттанып турган. Башкача айтканда, жан азык – жан дүйнө муктаждыгын канагаттандыра турган элдик руханий баалуулук, аккумулятор.

Кыргыз элинин келечегин “Манассыз” элестетүү эч мүмкүн эмес. Бүгүнкү күнгө чейин “Манас” болгон акыл, болгон билим менен канчалык түшүндүрүлүп, канчалык деңгээлде таанылды, бул башка маселе, бирок “Манас” кыргыз элинин чыныгы руханий өзөгү, жан азыгы экендигин турмуш өзү бир нече ирет далилдеди. Анын бирден-бир далили катары 2011-жылдын апрель айынан тартып, “Манасчылык касиет: кыймыл аракеттеги Рух” (“Дух в действии: сказание эпоса “Манас”) деген долбоордун алкагындагы, Кыргызстан-дын тарыхында биринчи жолу жүргүзүлгөн илимий эксперименттерди айтып кетүүгө болот. Долбоордун негизги максаты – “Манас” эпосунун өзгөчө касиетин жайылтуу жана кыргыз элинин рухун сактап, ойготуп жана күчтөнтө турган энергомаалыматтык кудуретти ар тараптуу изилдөө болгон. Бул долбоордун алкагында адистер тарабынан жүргүзүлгөн социологиялык, биомагниттик, биохимиялык, психологиялык, нейрофизиологиялык иликтөөлөрдүн жыйынтыктары “Кыргыз өзөгү” аттуу китепте жарыяланган. Илимий эксперименттерди жүргүзүүдө, демографиялык өзгөчөлүктөр эске алынып, социологиялык жана психологиялык сурамжылоо иштери, Кыргызстандын жети дубанында тең эки сапар жүргүзүлүп, биринчисинде 600, экинчисинде 493 киши жана бир катар манасчылар катышкан.

Орус Православ чиркөөсүсүз орус элин элестетүү мүмкүн болбогондой эле, кытай элин Конфуцийсиз, кыргыз элин “Манассыз” элестетүү эч мүмкүн эмес. 1025-жылдан бери орус, украин, белорус элдери Орус Православ чиркөөсү аркылуу динин, маданиятын, тарыхын таанып келет. Бул аталган чыгыш-славян элдеринин руханий өзөгү катары Орус Православ чиркөөсү эсептелинет. Он беш кылымдан бери кытай эли Конфуцийди улуу устат катары тутуп, анын негиздеген окуусун азыркы күнгө чейин турмуштун бардык тармактарында өзгөчө урматтоо менен колдонуп келе жатат. Ал эми “Манасты” да, кыргыз элинин руханий жан азыгы деп айтууга толук мүмкүнчүлүк бар. “Манас” - кыргыз элинин намысы, маданияты, ишеними, Кыргызстандын жүзү, визиткасы. Ал эми манасчы – ошол касиетти, ошол оор-ыйык жүктү алып жүрүүчү адам.

Өзгөчө, соңку 15-20 жылдан бери карай дүйнө жүзү өтө тез өзгөрүүлөргө дуушарланууда. Кечээкиден бүгүнкү күн таанылгыс. Кылымдар бою манасчылар: “Кечээ көргөн бүгүн жок, ушундай экен дүйнө шок,”– деп айтып келген. Азыркы дүйнөлүк саясаттын, экономиканын, экологиянын, маданияттын, жалпы эле адамзаттын абалы жана жеке адамдын жан дүйнөсү чоң өзгөрүүлөргө дуушар болууда. Өзгөрүп бара жаткан ааламда адамзаттын жан сактоо мүмкүнчү-лөктөрү да өзгөрүүдө. Бул тууралуу өз ойлорун дүйнөгө белгилүү окумуштуулар А.Н.Дмитриев, С.Гроф, К.Уилбер ж.б. жалпы дүйнө коомчулугуна тынбай билдирип келишет. Мындан миңдеген, жүздөгөн жылдар мурда Будда, Моисей, Иисус, Мухаммед сыяктуу рухий адамдардын (пайгамбарлардын) аян алып элине айтып кеткен акыл-насаатынын, окуусунун негизинде диндер жаралды. Андан бери не деген мезгил өттү жана ал диндерди дүйнө элдерине жайылтып, сиңирүү үчүн да жүздөгөн жылдар талап кылынды. Жүздөгөн жылдардан бери кыргыз эли да “Манасын” айтып келе жатат. Жалпы кыргыз эли дегенибиз менен, “Манасты” айткандар карапайым эл ичинен чыккан манасчылар болгон. “Манас” дүйнөсү менен кыргыз элинин ортосунда

ортомчу-көпүрө кызматын мына ошол Будда, Моисей, Иисус, Мухаммед сыяктуу манасчылар аткарып келген. Манас рухун туу тутуп, "Манас" баянын сактап, элге жайылтып келген манасчылар – рухийликтин жалпы адамзаттагы бир көрүнүшү. Кыргыз эли тектүү да, түптүү да эл болгондуктан, улуттук касиеттер, аны менен бирге Манас да кыргыз элинин ар бир өкүлүндө магдырап жатат. Ал эми аны ойгото турган жана козгой турган механизмдер кыргыз элинде ар дайым болуп келген. Ал механиздердин негизгилеринин бири болуп "Манас" жана анын оозеки айтылышы эсептелинет. Буга далил катары бир катар манасчылардын айтуучулук тажрыйбасы (практикасы), В.Жирмунский, Т.Сыдыкбеков, З.Бектенов өңдүү окумуштуулардын чыгармачылык изденүү процессинде коштолгон окуялар мисал болуп бере алат.

Бүгүнкү күндө "Манас" эпосу – элдик оозеки чыгармачылыктын бирден-бир үлгүсү" деген көз караш кыргыз илиминде салттуу түшүнүк катары орун алып келсе, кыргыз элинин салттуу түшүнүгүндө, "Манас" кылымдар бою кыргыздарды коштоп келген ишеним системасы катары кабыл алынып келген. Кыргыз элинин ар бир өкүлү, башка учурун айтпаганда да, өзүнүн жеке турмушунда: "Манастын арбагы колдосун!", "Манас колдосун!" деп, Манаска кайрылып келет. "Манас" айтуу ыкмасы да – өзүнүн мааниси жана аткарган озуйпасы жагынан алганда, кыргыз элинин ырым-жырымдарына мүнөздүү процесс. "Манас" эпосунун ондогон варианты болгону менен, анын негизги өзөгү канон катары сакталып, эч өзгөрүүсүз айтылып келген. Бул жагынан алып караганда, "Манас" айтуу процесси – жүздөгөн жылдар бою өмүр сүрүп келе жаткан маалымат берүүнүн жана маалымат алуунун бирден-бир байыркы формасы.

Ошентип, жыйынтыктап айтканда:

1. ”Манасты” "эпос" же "элдик оозеки көркөм чыгарма" катары эле эмес, трансценденттик кубулуш катары да кароого болот;

2. Манасчылыкты "өнөр" катары эле эмес, трансценденттик кубулуш жана касиет катары да кароого болот;

3. ”Манас” эпосунда чагылдырыл-ган өзөктүү окуяларды жана Манастын өзүн да реалдуулук катары кароого болот;

4. Ал эми бирден-бир негизги ыкма катары манасчылык касиетти изилдөө аркылуу ”Манасты” мындан да терең түшүнүүгө жана таанууга жол ачылышы мүмкүн;

5. Адам жана коомдун психология-лык абалын жөнгө салуу жана аң-сезиминин өнүгүшү үчүн "Манасты" жандуу угуу технологиясы өтө баалуу. Бул технология кыргыз эли үчүн эле эмес, бара-бара жалпы адамзат үчүн өтө баалуу жагымдуу энергетикалык деңгээлде пайда алып келе тургандыгы толук мүмкүн;

6. Мына ушундан улам, дагы бир пикир жаралат, байыртадан бери кыргыз элинде "Манасты" жандуу айтуу жана угуу процесси көңүл ачуучу "шоу" же "концерттик номер" катары эмес, ырым-жырым (ритуал) катары кабыл алынып келген. Андыктан "Манас" айтуу ырым-жырымынын кыргыз элинин турмушунда ээлеген ордун аныктоо зарыл.